УДК: 894.341(092.2)

Шакитов Ш.Ш.
*Академик Ж.Алышбаев атындагы Ысык-Көл кооперация институту*

# УЛУУ ИНСАНДАРДЫН СҮРӨӨСҮНДӨ ӨРКҮНДӨГӨН

Сапар Бегалиевди ЫМУга кирип-чыгып жүргөн көптөгөндөрдүн бири катары түшүнгөндүгү кай бирлеринен байкалат. Буга анын улунуп-жулунбагандыгы, оор басырыктуулугу, майда-барат кейиштерге көңүлүн бөлүп, жүрөгүн оорутпагандыгы да себепчи болсо керек.

Кечээ эле эс алууга чыккан «жаш пенсионерлер» катышкан шаардык же областтык иш-чараларда деле Сапакем көрүнбөйт. «Жаңылбаган жаак, мүдүрүлбөгөн туяк болобу?» Балким, "С.Бегалиевдин жаагынан кетип калгандыр. Анысын кечирип коюшса, кеменгерлер эч кемибейт. Коомдун ж.б. сыйы саналуу гана адамдарга тиешелүү болуп калганда, социалдык акыйкатсыздык өкүм сүрүп калчудай.

«Миң адамдын атын билгиче, бир кишинин сырын бил». Сырын билиш үчүн бир пуд тузду бирге жеш керек дешет. С.Бегалиев менен бир пуд эмес, бир чымчым эле туз татышып көрөлү.

Атасы Барыктабас - Ленинградды фашисттик баскынчылардан коргогондордун бири. Согушка чейин, айрыкча, андан кийин көп жылдар айыл кеңешинин төрагасы, колхоздун башкармасы болгон. Сапар чоң атасы менен чоң энесинин колунда чоңойгон. Өнтөлөбөй, башкарма баласын колхоздун жумушуна салган; кой-козу кайтарган; апийим отогон, тилген, кырган; соконун, чөп тырмак, чөмөлөнүн, молоташтын атына минген. Ал кез ушундай аракеттерди талап кылган. Эр-бүлөлөр фронтко кеткен. Ооруктагылар - балдар, аялдар, карыялар. Азыркы балдар майполпоч болуп чоңоюуда. Шартка жараша балдар тиги-бу жумушка аралашса, укук коргоочумун дегендер сүрмө топ болуп чыгышат: «Жаш балдардын эмгеги эксплуатацияланууда, алар окуудан калууда». С.Бегалиев өңдөнүп, өспүрүм кезинен эмгекке көнбөсө, «алма быш-оозума түштү» баарыдан мурда эскерип, жатып ичерлердин чөйрөлөрү көбөйө берсе, коомдун келечеги кандай болот? «Өгүз өлбөсүн, араба сынбасын». Өспүрүмдөрдүн эмгеги, ден соолугу корголсун, бирок колунан келген эмгек менен чоңойсун! Бегалиев Барыктабас Бегалиев Сапарды кол ᵥ кабыштуу эмгек менен чоңойткон. Антпесе, турмушта кезиккен тоскоолдуктарды балакайлар кантип жеңет?

- Балам, ата-энесин багып атат, Сапарым азамат! Мактоолорду көтөрө билүүнү Сапар кичинекей кезинен бери эле өздөштүргөн; жаштайынан эмгек кылууга ынтызарлыгы анын инсан болуп калыптанышына көмөк көрсөткөн.

Барыктабастын иниси Аку жылкыларын Эки-Чтг жайлоосуна. Ага жардамдашып, Сапар да барчу. Жылкы баласы бир жерге турбаган, күн-түнү кыймылдаган мал эмеспи-бир жолу алар өйүзгө өтүп кетишиптир. Аларды кайырганы Сапар барат. Келатып, ал сууга агат. Суусу мол, таштан -ташка секирип, өркөчтөнүп, шар аккан сууну жеңип, тирүү калышы-балапан чактагы Сапардын жеңиштеринин бири.

Эмгек менен чоңоюп келаткан баланын бышыктыгы айылдаштарына маалым боло баштаган. Балалыкка салып, айыл ичинде ат чаап келатса, бирөөлөргө учураганда тык токтогондо (бригадирлердин аттары ар бир короого кирип, көрүнгөнгө токтоп жүрүп, ошондой мүнөзгө ээ болчу), аттын башынан алые кетет, жатып калат. Бул окуяны айылдаш иниси, акын, прозаик Ишеибай Мансуров эскерет:

- Сени ошондо өлдү деп ойлоптурмун. Чылбырды колуңдан чыгарбагандыгыңды көрүп, тирүү экендигинде сүйүнгөм. Өйдө турушуңа жардамдаштык. «Жыгылсаң, төөдөн жыгыл, буйласын кармай жыгыл».

Байлык, бийликтин артынан томолонуп, колуна карматкан тизгин, чылбырдан ажырап, элге жек көрүнгөндөрдү Сапар да жек көрөт. Башкарманын колунда жок беле, ага «чиренип» чоңойсо деле болмок. Бирок С.Бегалиев адамгерчиликтин,

эмгектенүүнүн чыйырларына бала кезинен эле түшкөн. Анысын байкап жүргөн генерал агасы (атасынын иниси), Кыргыз ССРинин ички иштер министринин биринчи орун басарлыгына чейин көтөрүлгөн Ж.Шабиров күндөрдүн биринде айылга келет.

- Ии, Сапаш, окууң кандай?- Жакшы (салтта жаман дебейт). Чынында, Сапаш так илимдерге, айрыкча, эсепке анча эмес зкендигин мойнуна алчу.

- Мен сени ала кетип, Фрунзеден окутам.

Чукулунан чыга калган мындай сунушка Сапар бир чети таңдана түштү. Экинчи чети, айылдын баласы шаар турмушуна көнө алаар бекен? Эне-атасын сагынып, чүнчүп кетет го.

Сөзгө аралашкан атасы:

- Чоң ата, чоң энесине жардамдашып жүрдү эле. Бир аз чоңойсо, үйлөнтөт элек. Бул сөздөр Сапарга ток ургандай тийди. Олку-солку болуп турган бала Фрунзеге кетүүгө макул болду. Эрте үйлөнсө, эртерээк балалуу болот. Ушул жагы гана артыкчылык кылбаса, андайлардын кругозору тайкы болуп, негизинен, айыл турмушу менен чектелип калчудай.

Сапар 7-классты Күңгөйдөгү Орто-Өрүктүдөн 1949-ж. бүтүрүп, Фрунзедеги № 5 - кыргыз орто мектебине кирди. Айыл мектеби менен шаар мектебинин айырмасы асман менен жердей экен. Ал кезде Фрунзеде кыргыз тилинде окуткан жападан-жалгыз мектеп ушул болучу. Эл ичинде аны жөн гана № 5 дечү.

№ 5ти бүтүргөндөрдүн бири да жерде калган жок: акын, жазуучулар, партиялык, советтик, коомдук ишкерлердин ж.б. бир катарлары аны сыймык менен эскеришет. № 5те 30 жылдан ашуун мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, директору, «Кыргыз ССРинин мектептерине эмгек сиңирген мугалим», Эл агартуунун отличниги М.Рудаков Сапардын эсинде өзгөчө сакталып калды. № 5 дегенде М.Рудаковду, М.Рудаков дегенде № 5ти түшүнүү, апырта айтканда, синонимге айланып кеткен. Ал киши окуучулардын психологиясын жакшы билүчү. Кимдин ким экенин окуучунун көзүнөн же сөзүнөн эле билип койчу, ошого жараша мамиле кылган сүйкүмдүү педагог эле.

№ 5тин бир убактагы директору А.Кудаймендеев менен Ж.Шабиров Фрунзенин 1-Май райкомунун пленумунун мүчөлөрү болушкан. Генерал директорго атайын жолугуп, инисинин кандай окуп жаткандыгы жөнүндө маалымат алат. Алгебра, геометрия, тригонометриядан инисинин билими анча жеткиликтүү эместигин билет. Ал иштен дайыма кеч келүчү. Уктап калган Сапарды ойготуп:

- Окусаң, жакшы оку, окуй албасаң, айылга кет. Сенсиз да жумушум сансыз. Сага көңүл бөлөмбү же иштейминби?!

«Тууган күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат». Агасынын жогорудагы сөздөрүнөн кийин окууга карата Сапардын жоопкерчи 9-10-класстарда мурдагысынан да арта түштү, намыстанды. Натыйжада, № 5ти 1952-ж. жакшы аяктады.

Азыркы чиренгендердин айрымдары коммунисттик партиянын, совет өкмөтүнүн ишмердигин анча жактыра беришпейт. Акысыз окутуу, дарылоо, кадрларды тандоо, тарбиялоо, жайгаштыруу дегендер эл үчүн кандай гана дөөлөт эле. «Дөөлөтү башта турганда, ким күркүрөп жүрбөгөн?».

Орто мектептин мыкты бүтүрүүчүлөрүн республика боюнча № 5ке топтоп, даярдоо курсунан өткөрүчү. Эч кимге жеңилдик берилчү эмес. Экзамендердин жыйынтыгы боюнча Сапар Бегалиев МГУнун тарых факультетине өтөт. Кашайып, ага бир гана орун бар экен. Комиссия орунду Т.Кулатовдун кызматкерине ыйгарат: ал коммунист, үй-бүлөлүү эмгек стажы бар, окууга дилгир. Дилгирликтен Сапар деле жайдак эмес эле. Анын шыбагасына Ленинграддагы А.Герцен атындагы пединституттун тарых-филология факультети тийди. Ленинград да экономика, саясат, илим, маданият, архитектуранын дүйнөлүк борборлорунун бири эле. Алтынга оронгон Петрдун ак сарайы, Эрмитаж, Адмиралтейство ж.б. сыяктуу ажайып дүйнөлүү шаардан татыктуу

билим алуу эмне деген сыймык! Архитектуралык комплекстерди аралап жүрүүнүн өзү эле таалим-тарбиялуу чоң сабак, эстен кеткис зор окуя. Экинчиден, кыргыздын келечектеги атактуу уул-кыздары Р.Айтматова, С.Жапаров (Сапардын болочок кайнагасы), Р.Мусаева (М.Баетовдун кызы), Т.Океев, Ж.Уметов, Г.Уметова, Ж.Ташыбекова, Р.Чокоевалар ж.б. менен Ленинграддын буурул түндөрүндө жаштыктын жалындуу күндөрүн бирге өткөргөнүн С.Бегалиев эки дүйнөдө унутпайт. Лениндин шаары менен жылуу коштошуп, 1958-ж. Сапар Фрунзеге экинчи жолу кайрылды; Кыргыз ССРинин Илимдер Академисына кенже кызматкер катары орношту. Бирок билимин дагы өркүндөтөйүн деген жигиттин оюнда аспирантура ашуусу турду. Мындай демилгесин кээ бир билермандар туура көрүшпөдү. Ал гана эмес, бут тосуулар байкалды (өсүп келаткандарга ж.б. бут тосбосок, көрө албастык кылбасак, этектен тартпасак, тыңсынбасак, кыргыз боло алабызбы

«Аспирантураны эмне кылат экенсиң, сенден да мыктылары бар,-дешип, өткөзбөй, демин суутуп коюшту. «Өзү билбейт, билгенди тилдейт». «Тилдегенине» карабай аспирантурага өтүү тилеги жүрөгүн уялап алды. Ошентип, ой толгоолорго учурап, келечек жолун кеңейтем деп жүргөндө К.Асаналиев жолугуп калат (Сапар Ленинградда студент кезинде К.Асаналиев аспирант болучу):

- Сапар, сен көрүнгөнгө кайрылып, убара болбо экзамендерге даярдан. Кеңешбектин кеңеши менен Сапар экзамендерге даярдануусун күчөттү. Чет тил катары немец тилинен экзамен берет дегенде сүйүнүп кетти. Анткени № 5те немец тилин дурус өздөштүргөн. «Жүгүргөн албайт, буюрган алат». Тигинисине, мунусуна таянып, тыңсынгандар немец тилинен өтпөй калышып, Сапарга жол ачылды. «Тыңсынгандын буту сынган» деген кээде ушундай да болчудай...

Студенттик турмушту жөндөп түшүнө элек айрымдар үчүн аспирантура ал мезгилде аска-зоодой көрүнчү. «Жаштын тилегин берет». Эңсеген тилеги ишке ашып, С.Бегалиев Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын аспиранты болуп калды. ИАнын бир катар институттары бар, алардын бири - Тил жана адабият институту. Анын директору академик Б.Орузбаева:

Биз «Манаска» да көңүлдү көп бөлөбүз. Бизде М.Мамыров, С.Мусаев сыяктуу «Манас» изилдөөчүлөрүбүз бар. Ошолордун жолуна түшкүн. С.Бегалиевге илимий жетекчи болуп берүүсүн өтүнүп, Алматыдагы М.Ауэзовго кат жазуу менен сөз аяктады.

М.Ауэзов ким болгон? «Лев Толстой - бүтүндөй дүйнө» (М.Горький). Л.Толстой «бүт дүйнөнү ээлеп алса» да М.Ауэзовдун үлүшүнө бир нерселер калгандыр. Көрсө, көп нерселер калыптыр. Ал казактын улуу жазуучусу; филология илимдеринин доктору, профессор, Казакстан ИАсынын академиги; «Абай жолу» роман-эпопеясынын автору; Лениндик сыйлыктын лауреаты; «Манас» изилдөөчү, анын элдиктүүлүгүн коргогон күйөрман, илимпоз; 250 томдук «Дүйнөлүк адабият китепканасынан» орун алган классик; коомдук ишмер; кыргыз элинин, Ысык-Көлдүн сүйкүмдүү досу ж.б. Мындай касиеттер Л.Толстойдо жок болсо керек эле...

Ал учурда С.Бегалиев ким эле? Аспирант аты бар, заты али калыптана элек, академиктен академикке кат жеткизген почточу болучу. Залкар сүрдүү. Аны менен бет алышып кантип сүйлөшөт. Жүрөк зааданын абалынан чыгалбай баратат. М.Ауэзов С.Бегалиев күткөндөй эмес, жөнөкөй адам экен. Улуу инсанды жөнөкөйлүк коштоп жүрөрүн аспирант даана сезди.

Алгачкы таанышуудан кийин М.Ауэзов:

- Мен да Ленинграддан окугам. Экөөбүз курсташ турбайбызбы, Сапар? Мухтар аганын тамашалай сүйлөгөнү Сапардагы психологиялык чыңалууну биротоло таратты. «Жылуу сөзгө жылаан ийнинен чыгат».

- Эми сөздөн ишке өтөлү. Мен сага илимий жеткечи болуп beралбагандыгыма өкүнөм. Анткени, биринчиден, ден соолугум анча эмес. Экинчиден, эски турмушту,

Абайды эле жаза бербей, жумушчу табын чагылдырбайсызбы деп, партия мени сындап атат. Ошондуктан мен азыр «Кара металлургия» аттуу роман жазуудамын. Убактым ошого кетчүдөй.

Кылымдардан кылымга М.Ауэзов дүйнөлүк адабий орбитада жашай берерин кыйкымчыл замандын чиновниктери түшүнгөн эмес. Алар азыр кайда жүрүшөт болду экен?

Мухтар аганын чоң жардамы менен академик Кажым Жумалиев С.Бегалиевдин илимий жетекчилигине бекитилген. Ошол кезде академик «Каныкейдин Тайторуну чапканын» которуп жүрүптүр. Казак окумуштуулары «Манаска» жакын экендигин аспирант өз көзү менен көрдү, өз кулагы менен укту.

Орус адабияты дүйнөлүк адабият менен сугарылгандыгын Сапар Ленинграддан жакшы түшүнүп келген. Бирок, фольклористикага келгенде орус адабияты «Манаска» анча деле көңүл бурчу эмес.

Бала кезден «Манасты» угуп жүргөн менен, анын илимий жактарын али толугураак түшүнө элек Сапардын бактысына «Манас» эпосунун поэтикасы» жөнүндөгү тема туш келди; изилдеди, «Манаска» кызыгуусу артты; талкуулардан ийгиликтүү өттү. Аспирантуранын түйшүктүү күндөрү кандидаттык диссертацияны жактоо менен аяктады. Казактын белгилүү дагы бир окумуштуусу, Советтер Союзунун Баатыры, СССР Илимдер Академиясынын мүчө-корреспонденти М.Габидуллин С.Бегалиев диссертациясын жактаганда биринчи опоненттик милдетин аткарып, эмгек жөнүндө жылуу пикирлерин айтып, С.Бегалиевге илимий ийгиликтерди каалаган.

Академиктердин каалоолорун дайыма эскерип, С.Бегалиев Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясында «Манас» секторунда он жылдай эмгектенип, Сагынбай жана Саякбайдын варианттарынын ж.б. текстерин даярдап, алардын басмадан чыгуусуна активдүү катышты.

1968-ж. С.Мусаев менен бирдикте Тоң, Ысык-Көл районунда болушуп, Саякбайдын айтуусунда «Манастын» беш бөлүгүн бүт, өзүнүн чыгармаларын, уламыштарын магнитофонго жазып алышкан. К.Атабеков, М.Ашымбаев, М.Чокморов, Ш.Азизовдон ж.б. баалуу материалдарды жыйнаган. Булар улуттук кенчке айланды.

1970-1993-жж. КМУда илимдин лөктөрү - К.Артыкбаев, М.Борбугулов, К.Карасаев, Ж.Муканбаев, К.Сартбаев, К.Юдахин ж.б. менен бирдикте иштешкендигин С.Бегалиев университеттин ичиндеги кичи университет катары эсептейт. Илимдин топ жылдыздарынын колунан К.Абакиров, А.Акматалиев, К.Дунканаев, К.Иманалиев, Ч.Турсунбеков, А.Эркебаев ёндүүлөр өсүп чыгышып, атактуу кадрлардын катарын толукташты.

«Акыл оошот, ырыскы жугушат». Илгери казак окумуштуулары С.Бегалиевдин илимий жетекчиси, диссертациясын жактаганда оппонент болушса, кийинчерээк ал К.Жумалиевдин аспиранттарына оппонент боло баштады. Мурунку билим берүү жана илим министрибиз К.Садыковдун да оппоненттеринин бири - С.Бегалиев.

Ар кандай себептер менен 1988-ж. Союз боюнча үч ЖОЖ филиалга айланды. Жагымсыз ушундай жылы Ж.Жусаев КМУнун филиалы болуп калган Пржевальскидеги мурунку growth пединститутка ректорлукка келди. Ал пединститутту калыбына келтирмек турсун, аны университетке айландырууда уюштуруучулук, максатка умтулуучулуктун үчлгүсүн көрсөттү. ЫМУга К.Тыныстановдун ысымын ыйгарууга жетишти. Окуу жайдын маттех базасын чыңдоо менен катар мыкты кадрларды топтоону да унуткан жок. Ошолордун арасында С.Бегалиев да бар болучу. КМУдагы жылуу-жумшак ордун калтырып, 1993-ж. ЫМУга патриот болуп келди. Кафедра башкарды, декандыкка көтөрүлдү, Ардактуу профессор наамына ээ болду. Улуу инсандардын сүрөөсүнөн, колдоосунан жаралган турмуштук, илимий-педагогикалык тажрыйбасын ЫМУга жайылтты. Азыр да эмгек коллективинин, студенттеринин кадырман иштерманы, сүйүктүү окутуучусу, жаштардын насаатчысы.

Билгендер аны Мойут акенин урпагы катары да сыйлашат. Келечектен көптү үмүттөндүргөн, К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун Кыргыз филологиясы, педагогика жана искусство факультетинин 3-курсунун студенти Б.Болгонбаев агайы жөнүндө сыймыктануу менен сүйлөт:

- Агайым ачууга алдырып каарданбаган, сүйүнсө, толуп-ташып чарпылбаган, бир калыпта, өзүн салабаттуу кармап, көңүлдүү жүргөн киши. Адамда болгон жөнөкөйлүктүн үлгүсүн туу тутуп, карасанатай ойду эч кимге ыраа көрбөгөн, мээримдүү, ишенчээк, маданияттуу инсан. Күнүгө адам бойдон калуу-анын принциби. У шуга сүйүктүү агыйым жүз пайыз татыктуу. «Адабият таанууга киришүү», «Манас таануу» ж.б. курстарынан студенттерге бүгүнкү күндө да лекция окуйт. Ар бир студентке көңүл бөлүп, билимге, илимге багыт көргөзүп, өз алдынча иштөөнү уюштурат. Майда-барат нерседен баштап, чоң иштерге чейин женил, жеткиликтүү, түшүнүктүү кылып кызыктырып, көңүл бурдуруусу, дасыккан, ар тараптуу педагог экендигин айгинелейт.

Илим чөйрөсүнө жаштайынан аралашып, алгачкылардын бири болуп «Манас» эпосу боюнча илимий иш жазып, дагы да тереңдетип изилдөөдө опол тоодой эмгек өтөгөн. Илим жолуна түшөрдөн мурда Мухтар Ауэзов ж.б. залкарлардан бата алып, ал адамдардын көрсөтмөсү, кеп-кеңештеринин аркасында «Манас» ааламын изилдөөгө өз салымын кошкон.

Б.Болгонбаевдин пикири ЫМУнун жалпы студенггеринин да пикири десек, аша чапкандык болбос.

ИАнын кызматкерлери, ЖОЖдордун окутуучулары илим изилдеп, анын жыйынтыктары боюнча эл чарбасына сунуш киргизип турбаса, алардын ролу төмөндөп кетет. С.Бегалиев жүздөн ашуун илимий эмгектерди жаратты, жарыялады. Арасында монографиялар, макалалар, окуу-усулдук куралдар бар. Алар - окуучулар, студенттер, окумуштуулар үчүн колдон түшпөгөн эмгектер.

«Эр эмгегин жер жебейт». Эмгегине жараша С.Бегалиев да сыйлыктардан куру калбады: КРнын билимине эмгек сиңипген кызматкер; КРнын Президентинин, Министрликтин ж.б. Ардак грамоталары; «Билим берүүнүн мыктысы» төш белгиси; «Манас» -1000, «Эмгек ардагери» медалдары. Айрымдардан көп иштеп, алар алган сыйлыктарга жетпей калган Сапакемдин өтө эле токтоолугуна өкүнүп да кетебиз... «Жашоо-күрөш», өз жемиңди объективдүү күрөш менен талашып алуу деле керек окшойт...

Турмуштун ачуу-таттуу даамын өлчөмү менен татуу да коомдук карама-каршылыктарды жеңүүнүн ыкмасына жатчудай.

- Эмне таттуу?

- Кант эмес, бал да эмес. Жан таттуу, жакшы болсо, жар таттуу, бала таттуу, запкысыз дүнүйө таттуу.

Сапакем жанын үлпүлдөтүп баккандагы, жөө жүрүп, ден соолугун чыңагандыгы үчүн 80ге келди.

Салтанаттай таттуу өмүрлүк жары бар. Ал жубайынын бардык ийгиликтерине салымын кошту. Сапардын мыкты сапаттарын дайыма баса белгилейт: эң биринчи адамгерчилигин баалайт. Жаман сөзүн үй-бүлө эмес, башкаларга да айтпайт. Маданияттуу, жөнөкөй, салабаттуу; үй-бүлөгө күйүмдүү, сүйкүмдүү; иш дегенде ишчү ашын унутат; студенттерди сүйөт. «Баатырдын баатыр жарысын». Салтанаттын, химия илимдеринин кандидатынын филология илимдеринин кандидатына берген баасы ушундай.

Таттуу балдары - Гүлнара, Динара, Асел, Максат - баары жогорку билимдүү, иштешет, ата-энесине оордук келтирбейт.

Сапардын таттуу дүйнөсү - баарыдан мурда, «Манас», студенттери, неберелери.

«Жашында берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү». Сапаке, дөөлөттүү жашап, 80ден секирип өт, 90ду тоголотуп кет, жүздө, күздө жүздөшөлү! Сендей инсандын социалдык портретин тартыш үчүн майда-барат штрихтерин баары керек экендигин байкадың деп ойлойбуз.